**2013-жылдын 5-апрелиндеги № 43 Кыргыз Республикасынын Мыйзамы**

## “Атаандаштык жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу

2013-жылдын 7-мартында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган

**1-берене.** “Атаандаштык жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2011-ж., № 7, 1019-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

8-беренеде:

1-бөлүгүндө:

1-пунктундагы “анын техникалык функциялары менен шартталган товарларды кошпогондо,” деген сөздөр “товарды же анын бөлүктөрүн көчүрүп алуу техникалык колдонуу менен гана шартталган учурларды кошпогондо” деген сөздөргө алмаштырылсын;

2-пунктундагы “патенттик-лицензиялык” деген сөздөр “патенттик” деген сөзгө алмаштырылсын;

3-пунктундагы “тейлөөнүн бөтөн товардык белгисин” деген сөздөр “товардык белгисин, тейлөө белгисин” деген сөздөргө алмаштырылсын; «, товардык маркасын” деген сөздөр алып салынсын;

5-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:
“5) башка чарба жүргүзүүчү субъекттин продукциясын анын интеллектуалдык иштин натыйжаларына жана аларга теңештирилген жарандык карым-катнашка катышуучуларды, товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү жекече түргө өткөрүү каражаттарына укуктарын бузуу жолу менен даярдоого, сатууга жана рынокко башкача киргизүүгө (укукка сыйбаган пайдаланууга);”;

2-бөлүгү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:
“2. Жарандык карым-катнашка катышуучулардын, товарлардын, жумуштардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн өзгөчө укукту алуу жана пайдалануу менен байланышкан кара ниет атаандаштыкка жол берилбейт.”.

**2-берене.** Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **А. Атамбаев**